1996-жылы Ош жогорку колледжинин №54 буйругунун негизинде Ош жогорку колледжинин Сүлүктүдөгү филиалы негизделген, андан кийин Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000 – жылдын 25 – июнундагы ПЖ №190 «Баткен мамлекеттик университетин түзүү жөнүндө» Жарлыгына ылайык Баткен мамлекеттик университетинин Сүлүктүдөгү жогорку Педагогикалык колледжи болуп түзүлгөн. Баткен мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин макулдугу менен Баткен мамлекеттик университетинин Сүлүктү педагогикалык колледжи болуп өзгөртүлгөн. Баткен мамлекеттик университетинин Уставын жетекчилике алып, кайрадан 2024 - жылдын 29 – апрелинде Баткен мамлекеттик университетинин Окумуштуулар Кенешинин макулдугу менен Баткен мамлекеттик университетинин Педагогика жана коммуникациялар колледжи болуп өзгөртүлгөн.

2025-жылдын 11-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентинин №256 “Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-декабрындагы №826 “Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларын кайра уюштуруунун айрым маселелери жөнүндө” токтому, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берү жана инновациялар министрлигинин 2026-жылдын 13-январындагы №06 “Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин кайра уюштуруу жөнүндө” буйругунун, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ректорунун 2026-жылдын 24-апрелиндеги №138 буйругунун негизинде Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Сүлүктүдөгү педагогика жана коммуникациялар колледжи болуп кайра түптөлгөн.

Бүгүнкү күндө биздин окуу жай төмөнкү адистиктер боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет:

| № | Шифр | Адистиктер | База | Окуу мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 050709 | “Башталгыч класстарда окутуу” | 9- класстын базасында | 2 жыл 10 ай бюджеттик келишимде |
| 2 | 050709 | “Башталгыч класстарда окутуу” | 11-класстын базасында | 1 жыл 10 ай келишимдик негизде |
| 3 | 050720 | “Дене тарбия” | 9- класстын базасында | 2 жыл 10 ай бюджеттик келишимде |
| 4 | 050720 | “Дене тарбия” | 11-класстын базасында | 1 жыл 10 ай келишимдик негизде |
| 5 | 050704 | “Мектепке чейинки билим берүү” | 9- класстын базасында | 2 жыл 10 ай бюджеттик келишимде |
| 6 | 050704 | “Мектепке чейинки билим берүү” | 11-класстын базасында | 1 жыл 10 ай келишимдик негизде |
| 7 | 050503 | “Технология” | 11-класстын базасында | 1 жыл 10 ай келишимдик негизде |